84
К-27

Адамата Алишер уулу



# Карышкыр

# Карышкыр

АЛА-БУКА РАЙОНУН БКТ
БАЛДАР БӨЛҮМҮ
Инв. №

Бишкек 2019

УДК 821.51-93
ББК 84 КИ 7–4
К 27

К 27 **КАРЫШКЫР.** / Түз. ж-а сүрөтчү:
А. Алишер уулу. –Б.: 2019. –16 б.

ISBN 978-9967-9205-1-4


К 4803300100-19

ISBN 978-9967-9205-1-4

УДК 821.51-93
ББК 84 КИ 7–4
© "УЯ", 2019

# Мазмуну

Карышкыр 4
Карышкыр кайда жашайт? 5
Келбети жана дене түзүлүшү 6
Үйүрү жана балдары 8
Азыгы жана жашоо аянты 10
Жаратылыштагы орду 11
Адам коомундагы орду 12



## Карышкыр

Карышкыр – жапайы жырткыч жаныбар. Карышкырдын табиятта жана адам коомунда өз орду бар. Ал эр жүрөктүүлүк менен туруктуулуктун символу катары жоокерлердин соот кийимдерине тартылган. Мисалы, Польшанын Лобез шаарынын гербинде карышкыр бар. Италиянын тарыхындагы Рим шаарын түптөгөн ага-ини Римус жана Ромулусту карышкырлар багып чоңойткон деген да уламыш бар.

Карышкыр биз билген иттердин түпкү теги болуп эсептелет. Окумуштуулар карышкырлар тобун латынча Canis деп аташат. Ага түлкү, чөө, койот, динго жана кадимки иттер кирет.

Окумуштуулар карышкырларды табигый санитарлар деп аташат. Себеби алар жапайы жаныбарлардын оорулууларын, чабырларын жана карыгандарын жөп жок кылып, дени сактарынын көбөйүшүнө шарт түзүшөт.

## Карышкыр кайда жашайт?

Карышкыр Түндүк Америка, Евразия жана Африкада кезигет. Ар бир аймактын өзгөчөлүгүнө жараша карышкырдын ар кандай түрлөрү байырлайт. Мисалы, түндүк уюлга жакын аймактарда ак карышкыр көп. Тоолуу жерлерде саргыч өңдүү карышкырлар басымдуу. Чөлдүү аймакты кызгылтым өңдүү карышкырлар мекендейт.

Кыргыз жергесинде тоо карышкырлары басымдуулук кылат.

**Кызыктуу маалымат**

Карышкырлар бири-бири менен байланышуу үчүн улушат. Алардын улуганы 3000 чарчы километр аянтка угулат. Эл арасында "карышкыр айды карап улуйт" деген түшүнүк бар. Бул туура эмес. Биринчиден, алар күндүзү деле улуй беришет. Экинчиден, алар үнү бийик чыгыш үчүн башын өйдө каратып улушат.






Карышкырлардын учурда жашаган аймактары

Карышкырлардын байыркы заманда жашаган аймактары


## Келбети жана түзүлүшү

Карышкырдын денесинин узундугу орточо эсеп менен 110-160 сантиметр, ал эми куйругу - 25-50 сантиметр. Бийиктиги – 80-85 сантиметр.

Салмагы орточо эсеп менен 40 килограмм. Эң чоңдору 70 килограммга чейин жетет.



**Карышкырдын денесин кыска, нык, боз жүн каптап турат. Жүнү карышкырды сууктан абдан жакшы коргойт.**



**Кызыктуу маалымат**

**Карышкырлар сууда мыкты сүзүшөт. Алар 13 километр аралыкка чейин сүзө алышат.**



**Кызыктуу маалымат**

Курсагы катуу ачкан карышкыр 10 килограмм этти бир жейт.



## Үйүрү жана балдары

Карышкырлар үйүр менен жашаган жаныбарлар. Орточо эсеп менен бир үйүрдө он карышкыр болот. Ар бир үйүр өз аймагында гана аң уулайт. Чоочун аймакка кирсе, аёосуз салгылаштар болот.

Үйүр ичинде катуу иерархия өкүм сүрөт. Үйүрдөгү эркеги - альфа карышкыр башкарат жана ал гана балалуу боло алат. Өмүр бою ал бир эле ургаачы карышкыр менен жашайт.





Карышкырдын баласын бөлтүрүк дешет. Карышкырлар эки жаштан баштап тууй башташат. Ургаачы карышкыр жылына 6-7 бөлтүрүк тууйт.

Бөлтүрүктөр көбүнчө жазында туулуп, кышка чейин үйүр менен кошо аңчылыкка чыгууга жарап калышат. Бир жылдын ичинде чоң карышкырлар менен тең болуп чоңоюшат.

Чоңойгондо ургаачы бөлтүрүктөр үйүрдө калып, эркектери үйүр издеп башка жактарга кетишет.

**Кызыктуу маалымат**

**Карышкырлардын жаагы абдан күчтүү. Орточо эсеп менен 1 чарчы сантиметрге 300 килограмм күч туура келет.**



**Кызыктуу маалымат**

**Карышкырлар тамак издеп, бир түндө 70 километр аралыкты баса алышат.**





## Азыгы жана жашоо аянты

**Карышкыр эт менен азыктанат. Негизги азыгы болуп кийик, аркар-кулжа, суур, кашкулак жана коёндор эсептелет. Кышкысын азык азайганда, карышкырлар короодогу малга кол салышат.**

## Жаратылыштагы орду

Карышкырлар өздөрү жашаган аймактарда эң күчтүү жырткыч болуп эсептелет. Аларга коркунуч туудура турган башка жандык жок. Кээ бир аймактарда андай эмес. Мисалы, Африкада карышкырды да жеп коё турган арстан, леопард жана башка жандыктар бар.

Бирок Кыргызстандын шартында карышкырга тең келер жырткыч жокко эсе. Аларга атаандаш боло алчу аюу менен илбирстер аз жана алар жалгыздап жашашат.

Жогоруда айтылгандай алар табигый санитарлар. Бирок адамдардын чарбачылыгы үчүн зыянкечтер.



**Кызыктуу маалымат**

"Бөрү баласы ит болбойт" деген кыргыздын макалында чоң чындык бар. Себеби, карышкырлар үркүнчөек болгондуктан, тааныбаган нерсеге же адамга үрүп чыккандын ордуна жашынып калышат.



## Адам коомундагы орду

Карышкыр менен адам байыртадан бери душман болуп келишкен. Карышкыр малга эле эмес, адам өмүрүнө да коркунуч келтирет. Орто кылымда Европада карышкырды шайтан менен салыштырып жомокто, тамсилде дайым терс каарман катары көрсөтүп келишкен.

Мал-жайын коргоо үчүн адамдар аларга аңчылык кылышкан. Мында аша чапкан учурлар да болгон. Мисалы, 1680-жылдары Шотландияда карышкыр такыр калбай калган. Кийин аларды Европадан алып барып көбөйтүшкөн. Дүйнө боюнча мындай мисалдар абдан көп.

Карышкыр азайганда же жоголгондо алар жеп, санын азайтып турган жаныбарлар өтө көбөйүп кетет. Мисалы, АКШнын Йеллоустоун паркында акыркы карышкыр 1925-жылы жоголгон. 1995-жылы карышкырларды Европадан алып келип коё бергенден кийин, паркта окумуштууларды таң калтырган окуя болгон.


Карышкыр жок көбөйүп кеткен бугулар парктын чөбүн жеп, тебелеп, анын аянтын такырга айлантышкан. Карышкырлар келип, аларга аң уулай баштаганда, бугулар парктын кээ бир кооптуу жерлерине барбай калышкан. Бугулар баспай калган жерлер 5-6 жылдын ичинде кайрадан жашылданып, калыбына келген. Токой калыбына келери менен куштардын да саны көбөйгөн. Дарыяны бугулар көп кечпей калгандан кийин, ал жерде кундуздар, балыктар, ак куу, өрдөктөр да көбөйгөн. Карышкырлар койоттордун санын азайткандыктан, майда кемирүүчүлөр, чычкандар, коёндор жана башкалар да көбөйгөн.

Азыркы учурда, адамдар карышкырдын табияттагы ордун жана маанилүүлүгүн түшүнүшөт. Мал-жанды коргоо үчүн гана мергенге чыгышат.





“Сениби, шашпа!” М/Ф, Союзмультфильм.




*“Ак азуу” Жек Лондон 1906*



***“Маугли” М/Ф, Союзмультфильм.***



***“Үч торопой” М/Ф, Уолт Дисней***



***“Ханзаада Мононоке” М/Ф, Ghibli studios.***



Польшадагы Лобез шаарынын гербиндеги карышкыр

### Кызыктуу маалымат

Карышкырлардын жыт сезүүсү абдан күчтүү. Алар башка жаныбарлардын жытын 1-2 километр аралыктан сезе алышат. Алардын мурдунда жыт сезүүчү клеткалар абдан көп. Адамдардын мурдунда 5 миллион клетка болсо, карышкырлардын мурдунда 200 миллион болот.





Рим шаарын түптөгөн ага-ини Римус жана Ромулус

***Колдонулган адабияттар:***


Шүкүров Э.Ж. ж.б. Кыргызстандын жандуу жаратылышы – 74-б. – Бишкек. Таалим-Форум, 2014

Челпакова Ж.М. и др. Животный мир Кыргызстана, стр. 237. – Бишкек: Аль-Салам. 2011.

https://onekindplanet.org/animal/wolf-grey/

# Карышкыр

**Түзгөн, сүрөтчү жана дизайнери:**
**Адамата Алишер уулу**
**Редактору:**
**Роза Таалайбек кызы**

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

USDA

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл-чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» программасынын алкагында басылып чыгып, таратылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.